DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Шеров Ш.Б., Таиров К.А.*

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 2005-ЖЫЛДАГЫ 24-МАРТ, 2010-ЖЫЛДАГЫ 7-АПРЕЛЬ ЖАНА 2020-ЖЫЛДАГЫ 6-ОКТЯБРЬ ОКУЯЛАРЫНЫН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Шеров Ш.Б., Таиров К.А.*

## СХОДСТВА И РАЗЛИЧИЯ СОБЫТИЙ 24 МАРТА 2005 ГОДА, 7 АПРЕЛЯ 2010 ГОДА И 6 ОКТЯБРЯ 2020 ГОДА В КЫРГЫЗСТАНЕ

*Sh. Sherov, K. Tairov*

## SIMILARITIES AND DIFFERENCES OF THE EVENTS OF MARCH 24, 2005, APRIL 7, 2010 AND OCTOBER 6, 2020 IN KYRGYZSTAN

*УДК: 93.323.272.*

*Макалада Кыргызстандын 30 жылдык тарыхындагы саясий жараяндарга талдоо жүргүзүү үчүн негизи үч суроо талкууга алынды. Биринчиси, эмне үчүн Борбор Азия өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстанда гана эки революция, бир жолку төңкөрүш болду. Экинчиси, 2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель жана 2020-жылдагы 6-октябрь окуяларынын окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү. Үчүнчүсү, ыңкылаптык кыймылдарды болтурбоо, туруктуу жашоо үчүн эмнелерди жасай алабыз жана жасаганга мажбурбуз. Биринчи суроого анализ жүргүзүүдө XIX к. аягы XX к башындагы орус саякатчылары калтырып кетишкен маалыматтар каралды. Ал эми март, апрель революцияларынын жана 2020-жылдын 6-октябрындагы бийлик алмашуунун негизги себептери салыштырмалуу анализге ылайык такталды. Үчүнчү суроону чечмелөөдө Борбордук Азия өлкөлөрүнүн акыркы 30 жыл аралыгындагы демократияны куруу тажрыйбалары учкай каралды. Бул аралыкта универсалдык демократиядан улуттук демократиялык модельге өтүү менен авторитаризмге багыт алышкандыгы белгиленди.*

***Негизги сөздөр:** Кыргызстан, демократия, революция, бийлик алмашуу, Борбордук Азия, универсалдык, модель, төңкөрүш, окшоштуктар, өзгөчөлүктөр, көчмөн.*

*В статье рассматриваются три основных вопроса для анализа политических процессов в 30-летней истории Кыргызстана. Во-первых, почему только в Кыргызстане две революции и один переворот в Средней Азии. Вторая - сходство и различие между событиями 24 марта 2005 г., 7 апреля 2010 г. и 6 октября 2020 г. В-третьих, что мы можем и должны делать, чтобы предотвратить революционные движения и жить стабильной жизнью. Анализируя первый вопрос, учитывались данные, оставленные русскими путешественниками в конце XX - начале XX веков. В сравнительном анализе выявлены основные причины мартовской и апрельской революций и смены власти 6 октября 2020 года. При интерпретации третьего вопроса был кратко рассмотрен опыт стран Центральной Азии в построении демократии за последние 30 лет. Между тем переход от универсальной демократии к национально-демократической модели сместился в сторону авторитаризма.*

***Ключевые слова:** Кыргызстан, демократия, революция, смена власти, Центральная Азия, универсал, модель, революция, сходство, особенности, кочевник.*

*The article discusses three main questions for the analysis of political processes in the 30-year history of Kyrgyzstan. First, why only Kyrgyzstan has two revolutions and one coup in Central Asia. The second is the similarities and differences between the events of March 24, 2005, April 7, 2010, and October 6, 2020. Third, what can and should we do to prevent revolutionary movements and live a stable life. Analyzing the first question, we took into account the data left by Russian travelers in the late XX - early XX centuries. The comparative analysis identifies the main reasons for the March and April revolutions and the change of power on October 6, 2020. In interpreting the third question, the experience of the Central Asian countries in building democracy over the past 30 years was briefly reviewed. Meanwhile, the transition from universal democracy to a national democratic model has shifted towards authoritarianism.*

***Key words:** Kyrgyzstan, democracy, revolution, change of power, Central Asia, universal, model, revolution, similarity, features, nomad.*

Бабаларыбыз көздүн карегиндей кастарлап, муундан-муунга өткөрүп берген эгемендүү өлкөбүздүн 30 жылдыгын белгилөө астында турабыз. Мамлекетибиз башынан кечирип жаткан ушундай тарыхый мезгилде ар бир жаранды ойлондурган төмөнкү үч негизги суроо өзүнөн-өзү пайда болгон учур. Биринчиси, эмне үчүн Борбор Азия өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстанда гана эки ыңклап, бир жолку төңкөрүш болду. Экинчиси, 2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель жана 2020-жылдагы 6-октябрь окуяларынын окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү. Үчүнчүсү, революциялык кыймылдарды болтурбоо, туруктуу жашоо үчүн эмнелерди жасай алабыз, жасаганга мажбурбуз.

Чындыгында 30 жыл аралыгыныда болгону 6 млн калк жашаган кичинекей демократиянын аралчасы атка конгон Кыргызстанда эки жолку революция, бир жолку төнкөрүштүн болушу дүйнөлүк коомчулукту таң калтырды. Биринчи эмне үчүн Борбор Азия өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстанда гана эки ыңклап, бир жолку төңкөрүш болду деген суроого жооп берерде кыргыздардын психологиялык өзгөчөлүгүн анализдөөнү туура көрдүк. Кыргыздардын башка кошуна эл-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дерден айырмачылыгы эрктүүлүк, көз карандысыздыкты сүйгөн, сөз эркиндигин колдогон көчмөн маданиятында. Буга В.В. Шлахтердин «**Как поиметь мир. Настоящие техники подчинения, влияния, манипулирования**» аттуу китебинин «**Восприятие мира: кочевник и огородник**» аттуу бөлүгүндөгү ойлору жаркын мисал боло алат. Анда көчмөндөр менен отурукташкан элдерге мындайча мүнөздөмө берилген. «*Көчмөндөр менен отурукташкан эл дүйнөнү таптакыр башкача кабылдашат. Бул эки типтеги адамдар ар кандай шартта жашашкандыктан социалдык калыптануусу түрдүүчө жүрөт. Көчмөн өзүн бардык бийликтен жогору эсептейт. Эгерде көчмөнгө жакпаган бийлик келсе, согушат же малын айдап жер которот. Ал эми отурукташкан элге кандай гана бийлик келбесин, ал ага баш ийет. Анткени келген бийлик ага жагабы же такыр жакпайбы ал үчүн мааниси жок. Себеби ал өз жерине байланган* [1, 6-7].

Анда эмесе тарых беттерин барактап, орус саякатчылары калтырып кетишкен маалыматтарга таянып, XIX к. аягы XX к. башындагы көчмөн кыргыз психологиялык мүнөзүн түзүүгө аракет кылып көрөлү. Дээрлик бардык булактарда кыргыздардын эркиндикти сүйүүчү мүнөзү бир нече жолу баса белгиленген. П.И. Рычковдун XVIII к. биринчи жарымындагы изилдөөлөрүндө кыргыздарды күчтүү калың калк катары жазып калтырган.

Ал ошондой эле XVIII к. ортосунда кыргыздардын эркиндикке болгон сүйүүсү жана кайраттуулугу салыштырмалуу күчтүү коңшу хандыктардын жагымсыз чөйрөсүндө да өз көз карандысыздыгын сактоого мүмкүндүк бергендигин маалымдаган [2, 9-10].

Кыргыз элинин эркиндикти сүйүүсү, кайраттуулугунан тышкары жаны нерселерди өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн орусиялык бир катар күбөлөр жана изилдөөчүлөр белгилешкен. Л.Ф. Костенко «Кыргыздар башка улуттардын тилин жана адаттарын тез эле өздөштүрүшөт, бирок ошого карабастан өздүгүн жоготушпайт» деп жазган [3, 351]. Ал эми В.И. Липский кыргыздардын инновацияга болгон ийкемдүүлүгүн төмөнкүдөй сүрөттөгөн: «Албетте, кыргыздар жөндөмдүү жана таланттуу уруу, европалык маданиятка абдан жакын» [4, 236].

Жогоруда келтирилген тарыхый булактарга назар салсак Борбордук Азия элдеринен биздин негизги өзгөчөлүгүбүз эрктүүлүк, көз карандысыздыкты сүйгөн, сөз эркиндигин колдогон улуу элбиз. Бул асыл сапаттар демократиянын негизги тиреги. Демек трансформациялык жаңы жашоодо элдин көчмөн маданиятына жат болгон үй-бүлөлүк башкаруу, авторитардык режим аттуу саясий тутумдар көчмөн маданиятыбыз менен жуурулушуп кете албады. Мына ошондуктан кыска 30 жыл аралыгында өлкөбүздө эки революция, бир жолку төңкөрүш ишке ашты.

Жогоруда биз талдоого далалттанып жаткан экинчиси суроо 2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель жана 2020-жылдагы 6-октябрь окуяларынын окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү деп атадык. Бул суроого жооп берүү үчүн адегенде революция терминине анализ жүргүзүп, айырмачылыктарын билип алуу максатка ылайыктуу болот.

«Революция» деген сөз французча «revolition» деген сөздөн алынып, анын мааниси – түп тамыры менен өзгөртүү, бир сапаттан экинчи сапатка секирик менен өтүү болуп саналып, ал коомдун, аң-сезимдин жана жаратылыштын диалектикалык өнүгүүсүнүн эң маанилүү мыйзам ченемдүүлүгүнүн иш жүзүндө көрүнүшү» [5].

Революциялар максаты жана масштабы, тарыхый мааниси жагынан классикалык жана классикалык эмес болуп бөлүнүшөт. Классикалык революцияларга мисал катары, XVI кылымдагы Англиялык буржуазиялык, XVII кылымдагы Улуу Француз, XIX кылымдагы Италия, Германия сыяктуу батыш европалык, XX кылымдагы Орусиядагы Февраль, Улуу Октөбүр, Түркиядагы буржуазиялык жана башка революцияларды атоого болот. Классикалык революциялар, койгон максаты жана маңызы жагынан буржуазиялык, буржуазиялык-демократиялык, социалисттик жана башка болуп бөлүнүшү мүмкүн.

Ал эми классикалык эмес революцияларга а) ишке ашпай калган революцияларды, б) түп-тамырынан бери өзгөртүүгө алып барбаган, коомдук түзүлүштүн белгилүү бир чөйрөсүн гана алмаштырган, салыштырмалуу тынчтык жол менен өткөн революцияларды киргизебиз. Экинчи топтогу революцияларды азыркы саясат таануу илиминде «жибек революциялары» деп аташат [6].

Жогорку айтылган ой-пикирлердин алкагында 2005, 2010-жылдардагы кыргыз түстүү революцияларынын жана 2020-жылдагы бийлик алмашуунун тарыхын, анын өбөлгөлөрүн, себептерин, шылтоолорун изилдөөнү төмөнкү белгилерди эске алуу менен жүргүзүү керек деген пикирдебиз.

Эки революциянын жана 2020-жылдын 6-октябрдагы бийлик алмашууга өбөлгө түзгөн факторлор.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



- Конституциялык кризис;
- Шайлоолордун таза эмес өтүшү же жыйынтыктарынын бурмаланышы;
- Социалдык-экономикалык каатчылык, пандемия;
- Аймактык (регионалдык) фактор;
- Уруулук-кландык (трайбализм) бөлүнүү;
- Тышкы күчтөрдүн таасири;
- Ички кылымыштык топтордун таасири.
- Советтик-тоталитардык системанын саркындылары фактору.

2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель жана 2020-жылдагы 6-октябрь окуяларынын окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү:

- 2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель жана 2020-жылдагы 6-октябрь окуяларынын алдында революциянын негизги аныктамасы болгон жогоркулардын адаттагыдай башкара албоосу, төмөнкүлөрдүн мурдагыдай жашоону каалабоосу жана эл массасынын активдүүлүгү күч алды”.
- Март, апрель ынклаптарында жана 2020-жылдын октябрь айындагы бийлик алмашууда да кырдаалды жөндөө жана анын кыймылдаткыч күчтөрү катары оппозициянын лидерлери жана эл массасы болгон.
- Президенттик жана парламенттик шайлоонун жыйынтыктары бийлик айткандай бурмаланып же сатып алуу жолу менен жүргүзүлдү. Эң негизгиси добуштарды сатып алуу боюнча тиешелүү органдардын жоопкерчиликтери каралбастан тескерисинче өлкөгө миллиондогон зыян алып келген коррупционерлер да депутат болуп шайланышты. Ага далил Жогорку Кеңешке болгон 2000, 2005, 2007, 2015-2020-жж. шайлоолор жана 1995, 2000, 2009, 2017-жылдардагы Президенттик шайлоолор эсептелет.
- Өлкөнүн экономикасынын пайдубалын түзгөн өндүрүш дээрлик кыйрады. Өндүрүмдүүсү А.Акаевдин жана К. Бакиевдин жакындары тарабынан менчиктештирилди, сатылды. Кыргызстандын экономикасында стратегиялык багыттагы кен байлыктар, отун энергетикасы, байланыш тармактарына эл ээ болбой, үй-бүлөнүн кызыкчылыгы үчүн менчиктештирилип, пайдаланылып баштады. Ал эми С. Жээнбековдун башкаруу мезгилинде өлкөнүн экономикасы коронавирус пандемиясынан катуу жабыркаган мамлекеттердин катарына кирди. Пандемиядан улам 2020-жылы мамлекеттин экономикасы 12 пайызга кыскарды жана тышкы карызы дагы өстү.
- Сөз эркиндиги президенттин үй-бүлөсүнүн көзөмөлүндө болуп, башкача ой- пикирди чагылдырган ММКлар куугунтукталды. Аларга Акаевдин мезгилиндеги журналист З. Сыдыкованын камакка алынышы, «Пирамиданын» куугунтукталышы, «Свободные горы», «Асаба» «Кыргыз ордо», жана башка гезиттердин жабылышын кошсок, Бакиевдин учурунда «Азаттык» радиосу, «Де-Факто», «Алиби» ж.б. катуу куугунтукка алынышты. Ал эми С. Жээнбековдун мезгилинде Г. Асылбаева баш болгон депутаттар тарабынан даярдалган «Маалыматты манипуляциялоо» аттуу мыйзам долбооруна каршы жөө жүрүш уюштурулду [7].

Кыргыз түстүү эки революцияга жана 2020-жылдагы октябрь окуяларына тийешелүү негизги өзгөчөлүктөр:

- Кыймылдаткыч күчтү элдин, айрыкча жаштардын активдүү бөлүгү түзгөн. Эки революция жана бир бийлик алмашуунун жүрүшүндө элдин активдүү катмары катышып, ал эми калың катмары пассивдүү колдоп турган.
- Эки революцияда тең регионалдык кызыкчылыктар таасир эткен. Фактылар айтып тургандай революциялык актылардын ийгиликтүү аякташына 2005-жылкы окуяда Кыргызстандын түштүк тургундары, 2010-жылкы окуяда – түндүк тургундары кызыкдар болгон. Ал эми 2020-жылдагы октябрь окуялары мурдакылардан згөчөлөнүп борбор шаарыбыз Бишкекте гана болуп өттү. Мында негизинен «Форма-2» же жарандардын шайлоо дарегин өзгөртүү туралуу арыздын киргизилиши чоң наразычылыкты жаратты.
- Революцияны активдүү «оппозиция» түздөн-түз уюштурган эмес. Оппозиция тарабынан бийликти алуунун стратегиясы, тактикалык планы, ыкмалары жана каражаттары иштелип чыкпаган.
- Эки ынклапта революциянын акттары региондордон башталып, Бишкек шаарынан аяктаса 2020-жылдагы октябрь окуясы Бишкекте башталып, региондордогу бийлик өкүлдөрүн алмаштыруу менен аяктады.
- Эки революциянын алкагында тең талап-тоноочулук жүргөн (салыштырмалуу бирөөндө көбү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рөөк, бирөөндө азыраак.) Ал эми октябрь окуяларында жаш активисттер талап-тоноочулуктун алдын алышты.

Өлкөбүз 30 жылдык тарыхында башынан кечирген 2 революциянын жана бир бийлик алмашуунун себептери, өзгөчөлүктөрү жана окшоштуктарын талдоого аракет жасадык. Мындай анализден кийин ынклаптарды болтурбоо, туруктуу жашоо үчүн эмнелерди жасай алабыз жана жасаганга мажбурбуз? Деген суроо пайда болот. Анда эмесе 30 жыл аралыгындагы демократияны куруу жараянына назар салсак.

Советтер союзу кулагандан кийин демократияны куруунун жаңы багыты Борбоа Азия лидерлеринин СССРдин тоталитардык саясий системасын мыйзамдуу айыптаган билдирүүлөрү менен коштолду. Алгачкы демократиялык романтика «сол» же «оң» тарапка концептуалдык четтөөлөр менен жүргөн эмес. Бирок, 1990-жылдардын аягында жана 2000-жылдардын башында, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн демократиялык маселелерге байланыштуу саясий багытында, универсалдуулуктан улутчулдук көз карашка чегинди. Албетте муну илимий коомчулук далилденген илимий идея катары кабыл албайт. Тескерисинче, бул алардын өсүп келе жаткан доктринасынын чагылышы. Чындыгында, бул улуттук моделдин негизги уникалдуу өзгөчөлүктөрүн азырынча эч ким так мүнөздөй алган жок. Ушул жерден төмөнкүдөй суроолор өз-өзүнөн пайда болбой койбойт: улуттук моделдин кайсыл өзгөчөлүктөрү кайталангыс же башка өлкөлөргө мүнөздүү эмес? улуттук демократиянын кандай өзгөчөлүктөрү чет элдик тажрыйбадан алынган ж.б.

Улуттук демократиянын моделин ишке ашыруудагы эң өкүнүчтүү жагдай демократиянын өзүн система же улуттук баалуулук катары монополиялаштыруу аракети жүрүүдө. Бул жагдайды А.Атанесян мындай деп сүрөттөгөн – «КМШ өлкөлөрүнүн лидерлери демократиялык системага адаптациялануууга аракет кылып, бирок ошол эле учурда аны өздөрүнө ылайыкташтырып жатышат» [8, 18]. Авторитардык режим атүгүл демократиянын маңызын жана аны түзүүнүн жолдорун чечмелөөнү өзүнө ылайыктап алган. Натыйжада биз демократиянын улуттук моделине эмес, тескерисинче аны четке кагуунун улуттук моделине келдик. Бүгүнкү күнгө чейин борбордук Азия өлкөлөрүндө бир канча жолу конституция алмашканы менен анын негизинде жашоону үйрөнө албадык. Тескерисинче конституция менен эмес түшүнүктөр менен жашап келүүдөбүз. Мунун жаркын мисалы катары белгилүү америкалык саясат таануучу Ф. Закария мындай денен: «Борбордук Азия өлкөлөрүндө демократия гүлдөп кетиши мүмкүн, бирок Конституциялык либерализм мүмкүн эмес» [9, 12-13]. Бул философиялык ой таамай берилип, Борбор Азия өлкөлөрүн сүрөттөгөн. Мунун далили бизде жана бардык кошуна өлкөлөрдө демократиялык институттар түзүлгөн, бирок ошол эле мезгилде алар укуктарын толук пайдалана алышпайт жана алар өзүлөрү каттуу көзөмөл астында. Мамлекет башчыларынын конституция боюнча укуктары чектелген, ал эми практика жүзүндө андай эмес.

Ушул келтирилген мисалдар биз жогоруда атаган «Ынклаптарды болтурбоо, туруктуу жашоо үчүн эмнелерди жасай алабыз жана жасаганга мажбурбуз?» деген суроого жооп болот деген ойдобуз. Демек Конституцияда жазылган эрежелерди бийликтин үч бутагы так сактап, жашаганда гана түрдүү саясий толкундоолордун алды алынып, туруктуу жашоо орнойт.

- Орус саякатчылары калтырып кетишкен маалыматтарга көрө XIX к. аягы XX к. башындагы көчмөн кыргыз психологиялык портретин эркиндикти сүйүүчү, кайраттуу, жаны нерселерди өздөштүрүүгө жөндөмдүү деп сүрөттөшкөн. Бул асыл сапаттар демократиянын негизги тиреги. Ошондуктан Борбор Азия өлкөлөрүнөн өзгөчөлөнүп, кыргыз эли авторитардык же үй-бүлөүк башкарууга каршы чыгып, эки жолку революцияны жана бир жолку бийлик алмашууну башынан кечирди;
- Март, апрель революцияларынын жана 2020-жылдын 6-октябрындагы бийлик алмашуунун негизги себептери: Конституциялык кризис, шайлоолордун таза эмес өтүшү же жыйынтыктарынын бурмаланышы, социалдык-экономикалык кризис, пандемия, аймактык фактор, уруулук-кландык бөлүнүү, тышкы күчтөрдүн жана ички кылымыштык топтордун таасири;
- 2005-жылдагы 24-март, 2010-жылдагы 7-апрель жана 2020-жылдагы 6-октябрь окуяларынын алдында ыңклаптын негизги аныктамасы болгон «Жогоркулардын адаттагыдай башкара албоосу, төмөнкүлөрдүн мурдагыдай жашоону каалабоосу жана эл массасынын активдүүлүгү күч алды» деген теория толук өкүм сүргөн;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



- Демократиялык институттар коомдо түзүлүшү, таанууланышы мүмкүн, бирок эгерде бул институттар коомдун өзүндө терең муктаждыкка ээ болбосо, иштебей турган институттар бойдон калаарын Борбордук Азия өлкөлөрүнүн 30 жылдык практикасы көргөздү;
- Кыргызстандагы демократияны өнүктүрүү жараянына күчтүү тышкы өнөкөштөр (Орусия жана Кытай) жана авторитардык кошуналар таасир этээрин Кыргызстандын тарыхы көргөздү.

Сунуштар:

- Парламенттик же президенттик башкаруу болобу өлкөдө түшүнүктөр менен эмес Конституциянын чегинде жашоону калыптандыруу;
- Коомдун бардык катмары үчүн шайлоого жана шайланууга ылайыктуу шарт түзүү максатында шайлоо мыйзамына өзгөртүү киргизүү;
- «Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө» мыйзамды жокко чыгаруу;
- Көмүскө экономика менен күрөштү күчөтүү.

**Адабияттар:**

1. Шлахтер В.В. Как пометь мир. Настоящие техники подчинения, влияния, манипулирования АСТ, Прайм-Еврознак 2010. 256 с. 6-7-бб.
2. Русские путешественники и исследователи о киргизах / Под ред. В.Л. Лунина. Фрунзе: Илим, 1973. - 220 с.
3. Костенко Л.Ф. Туркестанский край. Опыт военно-статистического обозрения Туркестанского военного округа. Материалы для географии и статистики России. Т.1/Л.Ф. Костенко. СПб., 1880.
4. Липский В.И. По горным областям Русского Туркестана (Тянь-Шаня) / В.И. Липский // Изв. РГО. Т. XII. Вып. I. СПб., 1906.
5. Петров, Ф.Н. Словарь иностранных слов / Ф.Н. Петров // Изд-во: М.: Русский язык; Издание. 1989 г.18-е, 624 с.
6. https://oipikir.turmush.kg/unews/un_post:3651/?from=oipikir&place=search&sth=8aa3d43ed7796c3f2e29b423aa058eea
7. https://kloop.kg/blog/2020/06/29/live-mirnyj-marsh-za-svobodu-slova-prohodit-v-bishkeke/
8. Атанесян А. Парадоксы демократии и тенденции демократизации в странах Центральной Азии и Южного Кавказа / А. Атанесян//Центральная Азия и Кавказ, 2005, №6 (42). С.18.
9. Толипов Ф. Государства центральной азии: универсальная демократия, национальная демократия или просвещенный авторитаризм? Журнал Центральная азия и Кавказ № (50), 2007 С.12-13.
10. Насиров Т. Апрельская революция и последующие конституционные реформы. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 12. С. 150-151.
11. Кадыров Т.Д., Арапова М.М. Март революциясынын тарыхый мааниси. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2012. №. 1. С. 182-184.
12. Арапова М.М. Мартовская революция в кыргызстане в средствах массовой информации за рубежом. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2010. №. 5. С. 157-161.